Кыргыз Республикасы
Жалал-Абад областы
Аксы райондук
А.Кулубаев атындагы № 64
Дардак-Дөбө жалпы негизги
билим берүүчү мектеби

Кыргызская Республика
Жалал-Абадская область
Аксыйский районный
опщеобразовательная
основная школа имена
А.Кулубаева №64
Дардак-Добо

23.05.2022-жыл Буйрук Дардак-Дөбө айылы

№ 16-б

**2021-2022-окуу жылында Кыргыз Республикасынын жалпы негизги билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 3-мартындагы №264/1 буйругунун негизинде , жалпы билим берүү уюмдарында 2021-2022-окуу жылын уюшкандыкта аяктоо жана "Билим берүүнүн негизги жалпы орто билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу" 2019-жылдын 22-мартындагы №304/1 Аксы райондук билим берүү бөлүмүнүн 4.03.2022-жылдагы №32-буйругун аткаруу максатында буйрук кылам :

1.Мектепте 2021-2022- окуу жылы 2022-жылдын 8-июнунда аяктасын

2. Негизги мамлекеттик сынактын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү мөөнөттөрү жана түрлөрү төмөнкүдөй тартипте бекитилсин:

-9-класстын бүтүрүүчүлөрү үчүн 11-июндан 22-июнга чейин беш сабак (анын ичинен төрт милдеттүү , бир тандоо боюнча )өткөрүлсүн.:

-математикадан (алгебрадан)комплекстүү тест ( жазуу түрүндө) -11-июнда ;

-эне тилинен дилбаяндын элементтери менен баяндама -14-июнда ;

- орус тилинен комплекстүү тест ( жазуу түрүндө ) -17- июнда;

- Кыргызстандын тарыхынан (оозеки) -20-июнда ;

Окуучулардын тандоосу боюнча сабактардан биологиядан -22-июнда өткөрүлсүн.

3. 9-классынын бүтүрүүчүлөрү үчүн 2022-жылдын 30- майынан баштап 7-июнга чейин сабактан тышкаркы убакта дене тарбиясы боюнча зачет өткөрүлсүн.

4. Негизги мамлекеттик сынактын жазуу түрүндөгү жыйынтоочу мамлекетттик аттестациясы бекитилген талаптарга ылайык саат 9.00до башталсын

5. Сынакты өткөрүү үчүн регламент-график түзүп , бекитилсин.

6. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

Мектеп директору : Ө.Кожобеков